# Паулос элчинин Фессалоника шаарындагы машаяктарга жиберген экинчи каты

*Кат башы*

*(1:1-2)*

Паулос, Силас жана Тимотеостон Кудай Атабызга жана Теңири Иса Машаякка караштуу Фессалоникадагы машаяктар жамаатынын мүчөлөрүнө салам кат.

Кудай Атабыздан жана Теңири Иса Машаяктан силерге ырайым менен тынчтык болсун.

*Кудайдын ак соту*

*(1:3-12)*

Боордоштор, ар дайым силер үчүн Кудайга рахмат айтуу биздин парызыбыз. Чындап эле ушундай кылышыбыз керек, анткени силердин ишенимиңер уламдан улам өсүп, бири-бириңерге болгон сүйүүңөр жетилип баратат. Ошондуктан биз Кудай жамааттарынын арасында силерди айтып мактанабыз. Башыңардан өткөрүп жаткан куугунтуктар менен кыйынчылыктарга карабай, солк этпестен баарына чыдап, ишенимиңерди таштабай келатканыңарды айтып, мактанып жүрөбүз.

Ушулардын баары Кудайдын соту адилеттүү экенин көрсөтүп турат. Жыйынтыгында, ал өзүнүн Падышачылыгы үчүн азап чеккен силерди, ошол Падышачылыгына кирүүгө ылайыктуу деп эсептейт.

Кудай адилеттүү, анткени силерди кыйнагандардын сазайын колуна берет, ал эми кыйынчылык көрүп жүргөн силерге, биз менен кошо жыргалды берет. Бул Теңири Иса Машаяк өзүнүн кудуреттүү периштелери менен бирге жалындаган откo оронуп, асманда пайда болгондо болот. Алар Кудайды таанargandarды жана Теңири Исанын жакшы кабарына баш ийишпегендерди жазалашат. Иса өзүнүн ыйыктарынан сый жеп, ишенгендеринин арасында урматтоого ээ болуу үчүн келген Ошол Күндө Кудайды тааныбагандар менен Исанын жакшы кабарына баш ийбегендер Теңирибиздин алдынан жана анын улуу кудуретинен тыштагы түбөлүк кыйроонун жазасын алып, азап тартышат. Ошол ишенгендердин арасында силер да барсыңар, анткени силер биз айткан кабарга ишендиңер. Ошондуктан биз ар дайым силер үчүн сыйынабыз. Кудайдан силерди кандай Өмүргө чакырган болсо, ошондой өмүр сүрүүгө татыктуу кылышын тиленебиз.

Кудай өз кудурети менен силердин бардык жакшы тилектериңерди ишке ашырып, ишеним менен баштаган иштериңердин өтөсүнө чыгарсын. Ушундайча силер аркылуу Теңири Исанын аты даңкталып, ал эми силер болсо Теңирибиз аркылуу анын улуулугуна бөлөнсөңөр экен дейбиз. Анткени Кудайыбыз менен Теңирибиз Иса Машаяктын эрки ушундай.

### *Акыр заман алдында Тажаал чыгат*

*(2:1-12)*

Теңири Иса Машаяктын кайтып келүүсүнө жана биздин анын алдына жыйналуубузга байланыштуу болсо, бурадарлар, силерден муну суранабыз, кандайдыр бир пайгамбарчылдыкка ишенип, же биздин атыбыздан айтылган же жазылган “Теңири Машаяктын күнү келип калыптыр” деген жалган кабарларга жибип, жеңил ойлуулук кылып, акылыңардан азбагыла.

Эч ким силерди эч кандай жол менен алдап кетпесин. Анткени толугу менен кудайбезерчилик орун алып, тозокко башы байланган жана Кудайдын мыйзамына каршы чыккан Күнөөнүн адамы ачыкка чыкмайын, ал күн келбейт. Ал адамдар сыйынган бардык рухтар менен табигаттан тышкаркы күчтөргө каршы сүйлөп, алардын баарынан өзүн жогору коёт. Ал тургай Кудайдын ибадатканасына кирип, анда олтуруп алат да, өзүн Кудаймын деп жарыялайт. Араңарда болгонумда бул тууралуу мен силерге айтып бергеним эсиңердеби? Силер азыр аны өз убагы келгичекти болтурбай кармап турган кандай Күч экенин билесиңер. Анткени мыйзамсыздыктын тымызын күчү азыр аракетте, бирок аны азыр кармап турган Күч алды менен жерден алынышы керек, ошондо баягы Күнөөнүн адамы ачыкка чыгат. Бирок Теңирибиз Иса келгенде аны оозунан чыккан деми менен өлтүрүп, көздү тунарткан жарыгы менен аны талкалайт. Күнөөнүн адамы шайтандын күч-кудурети менен келип, ар түрдүү айлакер керемет-укмуштарды көрсөтөт жана тозокто куурай тургандарды ар кандай адепсиздиктер менен алдайт. Алар тозокко кетишет, анткени куткара турган чындыкты сүйүүнү кабыл албай, андан баш тартышты. Ошондуктан алар жалганга ишене беришсин үчүн Кудай аларга адашуунун рухун коё берет. Натыйжада, акыйкатка ишенбей, күнөөдөн ырахат тапкандардын баары соттолушат.

### *Бекем болгула*

*(2:13-17)*

Теңирибиз сүйгөн боордошторубуз, биз силер үчүн Кудайга ар дайым алкыш айтууга тийишпиз, анткени Кудай Рухунун ыйыктоочу иши жана акыйкатка болгон ишенимиңер аркылуу куткарылып калууңар үчүн ал силерди биринчи тандап алган. Ал муну биздин силерге айткан жакшы кабарыбыз аркылуу кылды.

Теңири Иса Машаяктын атак-даңкынан өз энчиңерди мурастап алышыңар үчүн чакырды. Ошондуктан, боордоштор, ишенимиңер бекем болуп, биз сөз түрүндө да, кат түрүндө да үйрөткөн чындыктарды сактап жашагыла.

Бизди сүйгөн, ошондой эле ырайымдуулугу менен кажыбас кайрат, үзүлбөс үмүт берген Теңири Иса Машаяктын өзү силерге кубат берип, ар дайым жакшылыкты жасаганга жана сүйлөгөнгө чыңалтсын.

*Сыйынуу муктаждыктары*

*(3:1-5)*

Акырында, сүйүктүү боордоштор, Теңирибиздин Жакшы Кабары силердин араңардагыдай тез таратылып, урмат менен кабыл алгыдай болсун деп биз үчүн сыйынгыла. Ошондой эле Кудай бизди адепсиз, начар адамдардан куткарсын деп да сыйынгыла, анткени баары эле Жакшы Кабарга ишене бербейт. Бирок Жараткан Эгебиз ишенимдүү, ошондуктан ал силерге кубат берип, шайтандан сактайт. Теңирибиз силер тууралуу бизге толук ишеним берип жатат, ошондуктан силер биздин айткандарыбызды аткарып жатканыңардан шегибиз жок.

Теңирибиз көңүлүңөрдү Кудайдын сүйүүсүн тереңирээк түшүнүүгө буруп, силерге Машаяктагы чыдамкайлыкты берсин.

*Бекерпостукка каршы эскертүү*

*(3:6-15)*

Боордоштор, биз силерге Теңири Иса Машаяктын атынан буйрук кылабыз: бекерпоздукка берилип, биз берген таалимдер боюнча жашабаган ар бир бурадардан оолак болгула. Анткени силер бизден үлгү алышыңар керек экенин айтпасак да билесиңер. Биз силердин араңарда жүргөнүбүздө иштебей бекер жүргөн эмеспиз. Бирөөнүн нанын акысыз жебедик. Тескерисинче, биз маңдай терибизди төгүп, эмгек кылдык. Эч бириңе өлүгүбүздү артпайлы деп, күнү-түнү иштедик. Биз муну силерден колдоо алууга укугубуз жоктугунан кылган жокпуз, силерге үлгү болуу үчүн ошенттик. Араңарда жүргөнүбүздө: “Ким иштебесе, ал тиштебесин” деген эрежени айтып жүрдүк.

Биз силердин араңарда бекерчиликке берилип жүргөндөр бар экенин уктук. Алардын башкалардын иштерине кийлигишкенден башка иши жок экен. Андайларга биз Теңири Иса Машаяктын атынан буйрук берип, эскертебиз: эсине келип, өз нанын таап жешсин! А силер болсо, боордоштор, жакшылык жасагандан талбагыла.

Эгер биздин ушул катта жазган насааттарыбызга кимде-ким баш ийбесе, анда ага атайын эскертүү жасагыла. Уятына келишсин үчүн аны менен мамиле кылбагыла. Бирок аны душман катары эсептебей, ишенгендер катары эскертүү жасагыла.

### *Саламдар*

*(3:16-18)*

Эми, тынчтыктын Эгеси өзү силерге ар дайым бардыгында бейкуттук берсин. Бардыгыңарга Теңирибиз жар болсун.

Мынабу сөздөрдү мен өз колум менен жазып жатам: ***Паулостон салам***. Бул менин кат жазуу адатым. Ар бир катымдын аягына коюучу белгим.

Баарыңарга Теңири Иса Машаяктын ырайымы төгүлсүн.